| СУНУШТАЛДЫ | БЕКИТЕМИН |
|---|---|
| “Нур” ЖАКтын Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы: | “Нур” ЖАКтын директору: |
| _____________ Г.Т. Макамбаева | _____________ А.Ж.Ураимов |
| “28” 12 2020-жыл | “__” 12 2020-жыл. |

**“Нур” Жалал-Абад колледжинин Кабыл алуу комиссиясынын 2021-2022-окуу жылына карата кабыл алууну уюштуруу боюнча жылдык иш планы**

Окуу жайдын Кабыл алуу комиссиясы өз ишин Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамына жана “Кесиптик орто билим берүүчү уюмуна студенттерди кабыл алуунун тартибине”, колледждин Уставына, Кабыл алуу комиссиясы жөнүндө жобосуна, Студенттердин өздүк делолору жөнүндө жобосуна, Кабыл алуудагы сынактык комиссия жөнүндөгү жобосуна, Кабыл алуудагы апелляциялык комиссиясы жөнүндөгү жобосуна, Кабыл алуу эрежелерине жана ушул иш планга негизделип иш алып барат.

Кабыл алуу комиссиясынын курамы: кабыл алуу комиссиясынын төрагасы – колледждин директору, төраганын орун басары – директордун окуу иштер боюнча орун басары, Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы – КР ББжИМлиги менен макулдашылып, директор тарабынан бекитилген жак (катарынан 2 жылдан ашык дайындалбайт), Жооптуу катчынын сапат менеджменти боюнча орун басары – ББСК инспектору, жооптуу катчынын финансылык маселелер боюнча орун басары – башкы эсепчи, техникалык катчы – колледждин иш алып баруучусу.

Кабыл алуу комиссиясы эки айда бир жолу отурум өткөрөт. Керектүү учурларда кезексиз отурумдар өткөрүлүшү мүмкүн.

**Кабыл алуу комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары:**

- Өткөн окуу жылдарына кабыл алууларды талдоо аркылуу, жаңы окуу жылына кабыл алуу иштерин пландаштыруу;
- Кесиптик багыттоо боюнча планды иштеп чыгуу жана иштерин жүргүзүү;
- Кабыл алуунун планын жана эрежесин, кирүү сыноолорунун эрежелерин иштеп чыгуу;
- Лицензияда белгиленген чектүү контингенттин санын жана Кабыл алуунун планын эске алуу менен, жаңы окуу жылына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу;
- Абитуриенттердин өздүк делолорун түзүү;
- Кабыл алуу боюнча отчётторду берүү.

**Кабыл алуу комиссиясынын иш кагаздары:**

- Кабыл алуу комиссиясы колдонуучу мамлекеттик жана локалдык акттар;
- Кабыл алуу комиссиясынын иш планы;
- Кесиптик багытто иштери боюнча иш план;
- Кабыл алуунун планы;
- Чыгымдар сметасы;
- Кирүү сыноолорунун иш кагаздары;
- Абитуриенттерди каттоо журналдары;
- Кабыл алуу комиссиясынын протоколдору, чечимдери;
- Студенттердин өздүк делолору;
- Отчёттор

## “Нур” ЖАКтын Кабыл алуу комиссиясынын календардык жылдык иш планы

| № | Иш чаранын аталышы | Мөөнөтү | Жооптуу |
|---|---|---|---|
| 1 | 2020-2021-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын курамын бекитүү | январь | Жооптуу катчы |
| 2 | Кабыл алуу комиссиясынын иш планын, кабыл алуу эрежелерин жана жарнамалык үгүттөө иштерин “Нур” ЖАКтын расмий сайтына жарыялоо | январь айынан кабыл алуу мөөнөтү аяктаганга чейин | Жооптуу катчы, сайттын администратору |
| 3 | Абитуриенттер үчүн атайын баракчаларды, баннерлерди, стенддерди даярдоо жана илдирүү | апрель-май | Жооптуу катчы, секция жетекчилери |
| 4 | Кесиптик-багыттоо иштеринин графигин түзүү жана үгүт иштерин жүргүзүү | март айынан кабыл алуу мөөнөтү аяктаганга чейин | Дир.о.и.б.о.б. секция жетекчилери |
| 5 | “Нур” Жалал-Абад колледжи жөнүндө атайын видео роликти, ММК аркылуу таркатылуучу материалдарды даярдоо жана чыгаруу | март-апрель | Жооптуу катчы, карьера борборунун жетекчиси |
| 6 | Ачык эшиктер күнүн аныктоо жана өткөрүүнүн иш планын түзүү | апрель экинчи жумасы | Дир.о.и.б.о.б. секция жетекчилери, жооптуу катчы |
| 7 | Кабыл алуу сынактарынын тесттик материалдардын түзүү, талкулоо жана бекитүү. Кыргыз тили жана математика боюнча кыргыз жана орус тилдеринде 9-11-класстын базасында түзүү | март | Дир.о.и.б.о.б. секция жетекчилери, жооптуу катчы |
| 8 | Кабыл алуу комиссиясы иштөөчү кааналарды даярдоо жана техника каражаттары менен камсыз кылуу | май | Директор, Дир.о.и.б.о.б., инженер-программ |
| 9 | Колледжге тапшырган абитуриенттерге кирүү сынагын кабыл алуу планына жараша өткөрүү. | июль-август | Кабыл алуу комиссиясы |
| 10 | 2020-2021-окуу жылында абитуриенттерди кабыл алуу иштеринин жыйынтыктоочу отчеттерун “Нур” Жалал-Абад колледжине жана КР Билим берүү жана илим министрлигине тапшыруу | сентябрь | Кабыл алуу комиссиясы |

Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы: Г. Т. Макамбаева